«БЕКИТИЛДИ»
Кыргыз Республикасынын
Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин
чечими менен
20 26 -жылдын «27» 08

Юридикалык өкүлдөр жөнүндө
ЖОБО

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, адвокаттык иши жана Кыргыз Республикасындагы юридикалык өкүлдөр жөнүндө» Мыйзамына (мындан ары – Мыйзам) ылайык иштелип чыкты жана юридикалык өкүлдөрдүн укуктук статусунун өзгөчөлүктөрүн, алардын юридикалык жардам көрсөтүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу тартибин, укуктарын, милдеттерин жана чектөөлөрүн, ыйгарым укуктарын ырастоо тартибин, ошондой эле юридикалык өкүлдөрдүн статусун токтото туруу, токтотуу жана жоопкерчилик маселелерин аныктайт.

1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Юридикалык өкүл болуп жогорку билимге ээ болгон, Юридикалык өкүлдөрдүн реестрине киргизилген жана Мыйзамга, процесстик мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык соттук өкүлчүлүк боюнча ишти жүзөгө ашыруу укугу берилген жеке адам эсептелет.

2. Юридикалык өкүлдүн ишмердүүлүгү адвокаттык ишмердүүлүк болуп саналбайт. Юридикалык өкүл өз ишин жүзөгө ашырууда, документтерде, жарнамада, вывескаларда жана жекелештирүүнүн башка каражаттарында «адвокат», «адвокатура» сөздөрүн, алардан келип чыккан сөздөрдү, ошондой эле анын адвокаттык статусу бар деген жалган түшүнүктү жаратууга жөндөмдүү башка белгилерди колдонууга укуктуу эмес.

3. Юридикалык өкүлдөрдүн ишинин укуктук негизи болуп Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Мыйзам, Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен макулдашуу боюнча Адвокаттар кеңеши тарабынан бекитилген юридикалык өкүлдөрдүн кесиптик жүрүм-турум стандарттары саналат.

4. Юридикалык өкүлдөрдүн реестрин түзүү, жүргүзүү, жаңыртуу жана жайгаштыруу, ага адамдарды киргизүү жана алардын статусунун өзгөргөндүгү жөнүндө маалыматтарды киргизүү тартиби Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен макулдашылган Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын жеке актысы менен жөнгө салынат.

Scanned with CamScanner

5. Юридикалык өкүлдөр Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартпайт, ал эми Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы юридикалык өкүлдөрдүн алардын кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартпайт.

2-бөлүм. Юридикалык өкүлгө коюлуучу талаптар жана чектөөлөр

6. Юридикалык өкүл реестрине киргизилген, төмөнкү талаптарга жооп берген жөндөмдүү жеке адам юридикалык өкүл боло алат:

1. жогорку юридикалык билими бар болсо;

2. юридикалык адистиги боюнча кеминде бир жыл иш стажы бар болсо;

3. Адвокаттардын окуу борборунда сот өкүлчүлүк маселелери боюнча кошумча кесиптик даярдыктан өткөн жана 80 академиялык сааттан кем эмес көлөмдөгү билим берүү программасын өздөштүргөндүгүн тастыктаган сертификат алган болсо.

7. Жарандардын юридикалык жардамга натыйжалуу жетүүсүн камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан аныкталуучу тартипте ушул Жобонун 6-пунктунда каралган бардык талаптарды же алардын бир бөлүгүн белгилүү бир мөөнөткө жана белгилүү административдик-аймактык бирдиктерде колдонбоого жол берилет.

«Өзгөчө тартипте юридикалык өкүлчүлүктү жүзөгө ашырууга уруксат берилген адам тиешелүү тартипте жана уруксат берүү чечими менен белгиленген мөөнөттүн, аймактын, иштердин категорияларынын жана башка шарттардын чегинде гана ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга укуктуу.»

8. Төмөнкү адамдар юридикалык өкүл боло албайт:

1. мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган, ошондой эле кызмат өтөө маселелери боюнча башка адамдардын кызыкчылыктарын акысыз негизде коргогон аскер кызматкери же укук коргоо органынын кызматкери;

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп таанылган;

3. мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган же алынып салынбаган соттуулугу бар.

3-бөлүм. Юридикалык өкүлдүн ишин жүзөгө ашыруу жана ыйгарым укуктарын ырастоо

9. Юридикалык өкүл кылмыш сот өндүрүшүнө катышуудан тышкары, Мыйзамдын 24-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган юридикалык жардамдын түрлөрүнө окшош юридикалык жардам көрсөтөт.

Юридикалык өкүлдүн укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө катышуусу Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте жол берилет.

Scanned with CamScanner

10. Юридикалык өкүл жарандык жана административдик сот өндүрүшүндө ишеним ээсинин кызыкчылыктарын көрсөтүүгө жана коргоого, укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө катышууга, ошондой эле ишеним катында каралган ыйгарым укуктардын чегинде мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, уюмдарда жана үчүнчү жактардын алдында ишеним ээсинин кызыкчылыктарын көрсөтүүгө укуктуу.

11. Юридикалык өкүлдүн ыйгарым укуктары ишеним ээси тарабынан берилген жана Кыргыз Республикасынын жарандык жана процесстик мыйзамдарына ылайык таризделген ишеним кат менен ырасталат. Ишеним катта юридикалык өкүлдүн Юридикалык өкүлдөрдүн реестриндеги каттоо номери жана күнү көрсөтүлөт.

12. Юридикалык өкүл ишеним ээсинин атынан ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктардын чегинде гана аракеттенүүгө укуктуу. Сот өндүрүшүнүн айрым түрлөрүндө юридикалык өкүлдүн ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарынын атайын талаптары эске алынуу менен таризделет.

13. Тиешелүү тартипте таризделген ишеним каттын болушу юридикалык өкүлдүн мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, уюмдарда жана үчүнчү жактардын алдында кардардын (ишеним ээсинин) кызыкчылыктарын көрсөтүүгө жана коргоого укуктуу деп таануу үчүн жетиштүү негиз болуп саналат.

14. Эгерде юридикалык жардам көрсөтүү боюнча тапшырма Мыйзамдын, процесстик мыйзамдардын же юридикалык өкүлчүлүк маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдардын талаптарын бузуу менен кабыл алынса, юридикалык өкүл ишке катышууга жол берилбеши мүмкүн.

4-бөлүм. Юридикалык өкүлдүн укуктары, милдеттери жана чектөөлөрү

15. Юридикалык өкүл төмөнкүлөргө укуктуу:

1. жарандык жана административдик сот өндүрүшүндө ишеним ээсинин кызыкчылыктарын көрсөтүүгө жана коргоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө катышууга;

2. мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, уюмдарда жана үчүнчү жактардын алдында ишеним ээсинин кызыкчылыктарын көрсөтүүгө;

3. арыздарды, доо арыздарды, датанууларды, өтүнүчтөрдү, пикирлерди, каршылыктарды жана укуктук мүнөздөгү башка документтерди түзүүгө;

4. жеке жана юридикалык жактарга укуктук маселелер боюнча консультация берүүгө;

5. иштин материалдары менен таанышууга, алардан көчүрмөлөрдү жасоого, көчүрүп алууга жана мыйзам тарабынан өкүлгө каралган көлөмдө башка процесстик аракеттерди жүзөгө ашырууга;

Scanned with CamScanner

6. юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашууда каралган тартипте сыйакы алууга жана тапшырманы аткарууга байланыштуу чыгымдардын ордун толтуруп берүүнү талап кылууга;

7. укуктук статусунун өзгөчөлүктөрүнө жана жүзөгө ашырылып жаткан иштин түрлөрүнө каршы келбеген бөлүгүндө Мыйзамдын 25-беренесинде каралган башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

16. Юридикалык өкүл төмөнкүлөргө милдеттүү:

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Мыйзамдын, ушул Жобонун жана юридикалык өкүлдөрдүн кесиптик жүрүм-турум стандарттарынын талаптарын сактоого;

2. кабыл алынган милдеттенмелерди ак ниеттүү жана квалификациялуу түрдө аткарууга, ишеним ээсинин, соттун жана өндүрүштүн башка катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сыйлоого;

3. ишеним ээси менен жөнөкөй жазуу жүзүндө юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу түзүүгө;

4. ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктардын чегинде гана аракеттенүүгө;

5. мыйзамдарда жана кесиптик жүрүм-турум стандарттарында белгиленген тартипте кызыкчылыктар кагылышы келип чыкканда тапшырманы кабыл албоого жана аны аткарууну токтотууга;

6. юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу өзүнө белгилүү болгон маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга;

7. ишеним ээсине тапшырманы аткаруунун жүрүшү жана натыйжалары жөнүндө маалымат берүүгө, анын укуктарын, милдеттерин жана кабыл алынып жаткан чечимдердин мүмкүн болуучу укуктук кесепеттерин түшүндүрүүгө;

8. Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын актыларында белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө квалификациясын жогорулатуудан өтүүгө;

9. Адвокаттар кеңешинин жана Этика боюнча комиссиянын өз компетенциясынын чегинде кабыл алынган, күчүнө кирген чечимдерин аткарууга.

17. Юридикалык өкүл төмөнкүлөргө укуктуу эмес:

1. кылмыш сот өндүрүшүнө коргоочу же өкүл катары катышууга;

2. адвокаттык статусунун бар экендиги тууралуу жаңылгыс түшүнүк берген белгилерди колдонууга;

3. атайылап мыйзамсыз мүнөзгө ээ болгон тапшырманы кабыл алууга;

4. кызыкчылыктар кагылышы болгон учурда ишти жүзөгө ашырууга;

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, ишеним ээсинин макулдугусуз юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу өзүнө белгилүү болгон маалыматтарды ачууга же колдонууга;

6. ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктардын чегинен сырткары аракеттенүүгө;

Scanned with CamScanner

7. статусу токтотулуп турга мезгилде ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга.

5-бөлүм. Юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу жана юридикалык сыр

18. Юридикалык жардам кардар (ишеним ээси) менен түзүлгөн макулдашуунун негизинде юридикалык өкүл тарабынан көрсөтүлөт. Юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу жарандык-укуктук келишим болуп саналат жана жөнөкөй жазуу жүзүндө түзүлөт.

19. Эч ким юридикалык өкүлдөн же ишеним ээсинен ишке катышуунун шарттары катары юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашууну көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу эмес.

20. Юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуунун маанилүү шарттары төмөнкүлөр саналат:

1. тапшырманы аткарууну кабыл алган юридикалык өкүл жөнүндө маалыматтар, анын ичинде анын Юридикалык өкүлдөрдүн реестрине киргизилгендиги тууралуу маалыматтар;

2. тапшырманын предмети;

3. көрсөтүлүп жаткан юридикалык жардам үчүн ишеним ээси тарабынан сыйакы төлөө шарттары;

4. тапшырманы аткарууга байланыштуу чыгымдардын ордун толтуруу тартиби жана өлчөмү;

5. тапшырманы аткарууну кабыл алган юридикалык өкүлдүн жоопкерчилигинин шарттары жана чектери.

21. Юридикалык өкүлдүн сыйакы алуу жана чыгымдардын ордун толтуруу укугу ишеним ээсинин жазуу жүзүндөгү макулдугусуз үчүнчү жактарга берилиши мүмкүн эмес.

22. Сыйакы жана (же) чыгымдардын ордун толтуруу тиешелүү юридикалык жактын кассасына киргизилет же юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашууда каралган тартипте жана мөөнөттөрдө юридикалык өкүлдүн банктык эсебине которулат.

23. Юридикалык өкүлгө юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу белгилүү болгон маалыматтар юридикалык сырды түзөт жана адвокаттык сыр үчүн белгиленген тартипке окшош тартипте корголууга тийиш.

Юридикалык өкүл Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, ишеним ээсинин макулдугусуз юридикалык сырды түзгөн маалыматтарды ачууга же колдонууга укуктуу эмес.

6-бөлүм. Юридикалык өкүлдүн статусун токтото туруу, токтотуу жана жоопкерчилиги

24. Юридикалык өкүлдүн статусун токтото туруу жана токтотуу Мыйзамдын 22[1]-беренесинде каралган учурларда Адвокаттар кеңешинин чечиминин негизинде жүзөгө ашырылат.

Scanned with CamScanner

25. Юридикалык өкүлдүн статусу төмөнкү учурларда токтотулат:

1. юридикалык өкүл каза болгондо же соттун аны дайынсыз жоголгон деп тааныу же өлгөн деп жарыялоо жөнүндө чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

2. юридикалык өкүл аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп таанылганда;

3. юридикалык өкүл статусунан баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергенде;

4. юридикалык өкүлүккө карата соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

5. статусун токтотуу зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алынган дисциплинардык өндүрүштүн натыйжалары боюнча Этика боюнча комиссиянын сунушу түшкөндө.

26. Юридикалык өкүлдүн статусу төмөнкүлөрдүн негизинде Адвокаттар кеңешинин чечими менен токтотулуп турат:

1. юридикалык өкүлдүн жазуу жүзүндөгү арызы;

2. кесиптик жүрүм-турум стандарттары бузулган учурда Этика боюнча комиссиянын сунушу.

Юридикалык өкүлдүн статусу жол берилген бузуунун мүнөзүнө жана оордугуна жараша үч, алты, он эки жана отуз алты ай мөөнөткө токтотулуп турушу мүмкүн.

27. Статусу токтотулуп турга мезгилде юридикалык өкүл жаңы тапшырмаларды кабыл алууга жана юридикалык өкүлчүлүк боюнча ишти жүзөгө ашырууга укуктуу эмес.

28. Юридикалык өкүлдөрдүн аракеттерине (аракетине) карата датлануулар, сунуштар жана кайрылуулар Мыйзамдын 81-беренесинде жана Этика боюнча комиссия жөнүндө жободо каралган тартипте Этика боюнча комиссия тарабынан каралат. Мындай даттанууларды, сунуштарды жана кайрылууларды кароонун өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен макулдашылган Адвокаттар кеңешинин жеке актысы менен белгилениши мүмкүн.

29. Дисциплинардык өндүрүштү кароонун натыйжалары боюнча Этика боюнча комиссия Мыйзамда каралган учурларда Адвокаттар кеңешине юридикалык өкүлдүн статусун токтото туруу же токтотуу жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу.

30. Өз милдеттерин аткарбагандыгы же тийиштүү түрде аткарбагандыгы үчүн юридикалык өкүл Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартат.

7-бөлүм. Корутунду жоболор

Scanned with CamScanner

31. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган маселелер Мыйзамга, процесстик мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык чечилет.

32. Бул Жобо Адвокаттар кеңеши тарабынан бекитилген күнүнөн тартып күчүнө кирет.

33. Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Адвокаттар кеңешинин чечими менен киргизилет. Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен макулдашууга тийиш болгон маселелерге тиешелүү жоболор тиешелүү макулдашуудан кийин колдонууга киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин Төрайымынын м.а. **А.А.Джаманкулова**

Scanned with CamScanner

Прошито, пронумеровано и скреплено
печатью 7 (семь)листов
Должность и.о. председателя Совета
Подпись
«27» августа 20 25 года



Scanned with CamScanner